2.2. Класс жетекчилер:

 окуучуларга окуу жылынын башталышында окуу китептерин туура бөлүштүрүп жана окуу жылынын аягында окуу китептерин чогултуп алууну уюштурууга;

 класстагы окуу китептеринин комплектиси боюнча ата- энелерге ( мыйзамдуу өкүлдөргө) маалымат берүүгө;

 мектептин китеп фондусун сактоо максатында окуучуларга окуу китептерин колдонуу. сактоо боюнча иштерди жүргүзүү:

2.3. Предметтик мугалим:

 сабак учурунда окуу китептеринин сакталышына;

2.4. Китепкана кызматкери окуу китептеринин фондуна жоопту:

 окуу жылынын башында окуучуларды окуу китептери жана окуу пособиелери менен камсыздоо боюнча толук маалыматы болуш керек;

 окуу китептерине заказ берүүгө тизме түзөт;

 эсептик- финансылык документацияны жүргүзөт;

 китептерди жайгаштыруу, сактоону жүргүзөт;

 инвентаризация жана китептерди өз убагында жокко чыгаруу иштерин жүргүзөт;

 жаңы келген окуу китептери жана окуу пособиелери боюнча маалымат берет;

 мектеп китеп фондун комплектейт жана сактайт:

 окуу китептеринин абалын көзөмөлдөйт:

2.5. Окуучулар жана ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр)

 окуу жылынын ичинде окуучулар окуу китептеринин. окуу пособиелеринин абалы. сакталышы боюнча жооптуу;

 ата- энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) баласынын окуу китептери. окуу пособиелеринин колдошулушу, сакталышына көз салат. Бала окуу китебин. окуу пособиесин жоготсо ордун толуктайт.

**3.Окуу китептеринин фондусу менен иштөөнүн ишин уюштуруу.**

3.1. Пландоо.

 окуу китептерин колдонуу ( КР БбИМнин сунуш кылган окуу китептеринин тизмеси);

 окуу китептери жана окуу пособиелери. окуу методикалык китептер окуучуларга колдонууга бекер берилет;

 окуу китептери менен камсыздоо төмөндөгүдөй тартип менен жүргүзүлөт:

- окуу программаларын кабыл алуу үчүн бардык предметтер боюнча окуу китептери окуучуга окуу жылынын башында 1 жолу берилет;

3.2. Фонд түзүү иш аракети:

 жаңы окуу жылына карата окуучулардын окуу китептери менен камсыз болушунун мониторинги;

• мугалимдердин жаңы окуу жылына карата окуу китептеринин жана окуу пособиелеринин тизмесин түзүүсү;

 окуу программаларынын аткарылышын камсыздоого колдонулуучу окуу китептери. окуу пособиелеринин тизмесин түзүү;

 экстремизм багытындагы китептерди сактаганга жол берилбейт;